**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 2, 3- бөлүктөрүнүн жана 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун өтүнүчү боюнча

# ЧЕЧИМИ

2014-жылдын 4-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья М.Ш. Касымалиев, судьялар – Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Дж.М. Макешов, Э.Т. Мамыров, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, К.С. Сооронкулованын курамында,

сот жыйналышынын катчысы М.Э. Толобалдиевдин,

кайрылуучу тарап – Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун ишеним каттарынын негизинде аракеттенишкен өкүлдөрү Ш.Х. Брейди жана Х.И. Искаков,

жоопкер-тарап – ишеним каттын негизинде аракеттенген Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлү К.С. Карабекова,

башка жактар – ишеним каттардын негизинде аракеттенген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитетинин өкүлү

Э.К. Бейшекеев, Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын өкүлдөрү К.К. Маматалиев, Ж.Т. Ботоев жана А.Т. Гайббаева,

котормочулар Ч.К. Бакирова, Г.Ж. Бекмановалардын катышуулары менен,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1, 6, 8, 9, 10-бөлүктөрүн жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 4, 18, 19, 37 жана 42-беренелеринин талаптарын жетекчиликке алып, ачык соттук жыйналышта «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» мыйзамынын 8-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнүн жана 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацынын конституциялуулугун аныктоо боюнча конституциялык өндүрүштөгү ишти карады.

Ишти кароого Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун кызыкчылыгында аракеттенген Ш.Х. Брейдинин жана Х.И. Искаковдун өтүнүчү себеп болду.

«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнүн жана 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацынын ченемдери Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу ишти кароого негиз болду.

Ишти сот жыйналышына даярдоону жүргүзгөн судья-баяндамачы Ч.О. Осмонованын маалыматын угуп, көрсөтүлгөн материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы :**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары - Конституциялык палата) 2014-жылдын 27-февралында «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 2, 3-бөлүктөрү жана 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацы Кыргыз Республикасынын

Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнө, 32-беренесинин 2-бөлүгүнүнө, 35-беренесине ылайык эмес деп табуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун (мындан ары – Диний Борбор) кызыкчылыгында аракеттенген Ш.Х. Брейдинин жана Х.И. Искаковдун өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтү негиздөө ирээтинде төмөнкү жүйөөлөр келтирилген.

Диний Борбор 1998-жылдын 30-апрелинде Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияда (мындан ары – ДИМК) диний уюм, ал эми 1998-жылдын 6-августунда юстиция органдарында юридикалык жак катары каттодон өткөн. Диний Борбор Кыргыз Республикасындагы жалпы Иегова күбөлөрү үчүн өкүл катары кызмат кылат.

Айрым жергиликтүү кеңештер Иегова күбөлөрүнүн уюштуруу мүчөлөрүнүн тизмелерине макулдук бербегендиктен, ДИМК аларды эсептик каттоого алуудан баш тарткан.

ДИМК «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 2-бөлүгүн колдонгондуктан, 2013-жылдын үч айында Ош жана Жалал-Абад облустарында Иегова күбөлөрүнүн 12 диний жолугушуусу укук коргоо органдары тарабынан токтотулган, себеби ал облустарда Иегова күбөлөрү дин уюму катары каттоодон өткөн эмес.

Арыз берүүчүнүн пикири боюнча, белгиленген мыйзамдын 8-беренесинин 2-бөлүгүнүн ДИМК-нын каттоосу жок диний уюмдардын иш-аракетине тыюу салынат деген талабы, 8-беренесинин 3-бөлүгүндөгү мүчөлөрүнүн жогорку санына байланышкан талап жана 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацы менен бекитилген, диний уюмдардын уюштуруу кеңешинин нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн тизмесин жергиликтүү кеңеш менен макулдашуу талабы Конституциянын 32-беренесинин 2-бөлүгүндө жана 35-беренеси менен бекитилген дин тутуу, биригүү укуктарына, жана Конституциянын 16-беренесинин 2-бөлүгү менен аныкталган, эч ким туткан дини боюнча кодулоого мүмкүн эмес деген жобого каршы келет деп эсептейт.

Кайрылуучу тарап, мурункуга салыштарганда диний уюмду түзүү үчүн уюштуруучулардын саны 20 эсеге жогорулатылганын билдирет. Анткени 1991-жылдын 16-декабрында кабыл алынган № 656-XII «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндөгү» күчүн жоготкон мыйзамга ылайык диний уюмду түзүү үчүн уюштуруучулардын саны он адам болчу, колдонуудагы мыйзамга ылайык болсо диний уюмду түзүү үчүн адамдын саны эки жүздөн кем болбош керек.

Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 3-апрелиндеги аныктамасы менен арыз берүүчүлөрдүн өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынган.

Арыз берүүчүүлөр Диний Борбордун кызыкчылыгында аракеттенген Ш.Х. Брейди жана И.Х. Искаков сот жыйналышында өздөрүнүн кайрылуусун колдошуп, аны канааттандырууну өтүнүшөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлү К.С.Карабекова «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 2, 3-бөлүктөрү жана 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацы Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт жана кайрылуучу тараптын өтүнүчүн канааттандыруусуз калтырууну суранат.

Конституциялык палата тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, башка жактардын иш боюнча берген түшүндүрмөлөрүн угуп, иштин материалдарын изилдеп, төмөнкү тыянактарга келди:

1. «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-бересинин 4-бөлүгүнө ылайык, Конституциялык палата кайрылууда ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн жараткан бөлүгүнө гана тийиштүү болгон предмет боюнча актыларды чыгарат.

Ошентип, ушул иш боюнча Конституциялык палатанын кароо предмети болуп төмөнкү мазмундагы «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-

беренесинин 2, 3-бөлүктөрү жана 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацы каралат:

«8-берене. Диний уюмдар

2. Дин иштери боюнча мамлекеттик органдын эсепке алуу каттоосу жок диний уюмдардын иш-аракетине жана иштешине ушул Мыйзамга ылайык тыюу салынат.

Каттоодон өтпөгөн диний уюмдун атынан ишти жүзөгө ашырган адам Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

3. Диний уюм жашы жеткен жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын эки жүздөн кем болбогон жаранынын демилгеси боюнча түзүлөт.

10-берене. Диний уюмдарды эсептик каттоого алуу

2. Диний уюмду эсепке алуу үчүн түзүүчүлөр төмөндөгүдөй түзүү документтерин (мамлекеттик жана расмий тилде) тапшырышат:

- диний уюмду жана миссияны түзүүнүн демилгечилеринен болуп эсептелишкен жана уставдын алкагында мыйзам алдында жоопкерчиликтүү жарандардын, уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн жана жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган (алардын фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган датасын, жарандыгын, турган жерин, паспортунун номерин жана сериясын, качан жана кайдан берилгендигин көрсөтүү менен) тизмесин.».

«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы мыйзамдарда бекитилген тартипке ылайык кабыл алынган, «Эркин Тоо» газетасынын 2009-жылдын 16-январындагы № 3 санында жарыяланган, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы мыйзам болуп эсептелет.

2. Конституция, мамлекеттин укуктук жана демократиялык принциптерин ишке ашыруу менен, Кыргыз Республикасынын өз аймагынын чегинде, өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин

урматтоону жана камсыз кылууну орнотот (1-берененин 1-бөлүгү, 16-берененин 2-бөлүгү).

Ар ким өз алдынча же башкалар менен бирдикте ар кандай динди тутуу же эч бирин тутпоо укугуна ээ. Ар кимдин биригүү эркиндигине укуктуулугун эске алып, динди бирге тутуу бирикме түрүндө да болушу мүмкүн (Конституциянын 32-беренесинин 2-бөлүгү, 35-беренеси).

Дин тутуу эркиндигинин маңызы болуп адамдын диний ынанымдарды тандап алуу, диний ишенимдерге ээ болуу, алмаштыруу, билдирүү жана жайылтуу, ушуларга ылайык мыйзамдарда тыюу салынбаган динге табынуу иштерине, ырым-жырымдарга, каадаларга катышуу укугу эсептелинет.

Демек, дин тутуу эркиндиги эки жактуулукту камтып, өзүнө жеке жана жалпы элге каралган башталыштарды айкаштырат да, биринчи учурда, укук ар ким менен бул же тиги динди тандоо аркылуу ишке ашырылат, экинчи учурда, жаран өз алдынча же башкалар менен бирдикте дин тута алат.

Конституция, эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эместигин жана Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдейдигин орнотот (16-беренесинин 2, 3-бөлүктөрү).

Ушуга байланыштуу, баардык диний бирикмелер мыйзам алдында бирдей болуп, ал эми кандайдыр бир динди туткан адам же адамдар тобу болсо, башка диндин өкүлдөрү менен салыштырганда артыкчылыка ээ болбошу керек.

3. Конституциянын 4-беренесинин 4-бөлүгүнүн 3, 5-пункттарына ылайык, диний бирикмелердин иш-аракети конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улут аралык, этностор аралык жана диний касташууну тутандырууга багытталган максаттарды көздөгөн алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштешине, саясий максаттарды көздөшүнө тыюу салынат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Кыргыз Республикасы ратификациялаган эл аралык келишимдерде аныкталган адамдын дин тутуу эркиндигинин укуктарын камсыз кылууга, ошондой эле диний иш-аракеттерди жүргүзүү боюнча маселелерди жөнгө салууга, Кыргыз Республикасында «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзам кабыл алынган.

Ушул мыйзамдын 8-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, дин иштери боюнча мамлекеттик органдын эсепке алуу каттоосу жок диний уюмдардын иш-аракетине жана иштешине ушул мыйзамга ылайык тыюу салынат да, каттоодон өтпөгөн диний уюмдун атынан ишти жүзөгө ашырган адам болсо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

Дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын диний уюм жөнүндөгү эсеби уюмдун иш-аракеттери менен декларацияланган баалулуктарынын арасындагы катыштыкты көрсөтүүгө, диний жамааттын функцияларынын жана иш-аракеттеринин коомдук коопсуздугун баалоого мүмкүнчүлүк берет.

Эсептик каттоого алууда ыйгарым укуктуу органга мыйзамдын 10-берененсинин 2-бөлүгүндө каралган документтердин тизмеси сунушталат, ал жерде документтердин бири болуп мамлекеттик жана расмий тилде түзүлгөн диний уюмдун Уставы саналат.

Диний уюмдун Уставында динге таандулук, максаттары жана предмети, ишинин милдеттери жана негизги формалары, ошондой эле ишмердүүлүгүн жүргүзгөн аймагы жана башкалар көрсөтүлүшү керек.

Ошондуктан диний уюм ыйгарым укуктуу органда эсептик каттоодон өткөн учурда, уюмдун Уставында көрсөтүлгөн аймактын чегинде диний иш аракеттерин жүргүзүүгө укуктуу.

Демек, катталган диний уюмдун жолдоочуулары уюмдун өзүнүн жайгашкан жеринин чегинен тышкары диний иш-аракеттерин жүргүзүү укугуна ээ. Ал эми мыйзамдын ушул талаптарын башкача түшүнгөн учурлары, тактап айтканда диний уюм катары кайрадан эсептик каттодон өтүү жөнүндөгү

талаптары коюлган учурлар негизсиз жана Конституциянын 32-беренесинин ченемдерине ылайык келбейт.

Ошого байланыштуу, диний уюм диний каадаларын, аземдерин аткарууга ылайык, жерлерди диний уюмдун Уставында көрсөтүлгөн ишмердүүлүгүнүн аймагынын чегинде камтууга укуктуу.

4. Диний уюм жашы жеткен жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын эки жүздөн кем болбогон жаранынын демилгеси боюнча түзүлөт деген талап «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 3-бөлүгүндө бекитилген.

Диний уюм коммерциялык эмес уюмдун бир түрү болуп эсептелет жана коомдун социалдык түзүмүнүн бөлүмү болот. Диний уюмдар акыркы жылдарда анын активдүү элементтеринин бири болуп калгандыгына байланыштуу мыйзам чыгаруучу диний уюмдарды эсептик каттого алуу үчүн жогорулатылган талаптарды бекиткен. Бул талаптар дин эркиндигин чектөө катары каралышы мүмкүн эмес.

5. Мыйзамдын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацында ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга диний уюмду эсептик каттоого алуу үчүн тапшырылуучу документтерге талап катары «диний уюмду түзүүнүн демилгечилеринен болуп эсептелишкен жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган жарандардын тизмеси» деп белгиленет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлүнүн пикири боюнча, жергиликтүү кеңештин мындай ыйгарым укуктары, жергиликтүү кеңештер мыйзамга ылайык жергиликтүү маанидеги башка маселелерди чечет деп белгиленген Конституциянын 112-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктунан келип чыгат.

Бирок, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамдын 16-беренесинде бекитилген жергиликтүү маанидеги маселелерди аныктоонун принциптерине негизделгенде, диний уюмду түзүүнүн демилгечилеринен болуп

эсептелишкен жарандардын тизмесин макулдашуу «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндөгү» мыйзамга ылайык, эсептик каттоо боюнча функция (милдети) дин иштери боюнча мамлекеттик органга жүктөлүп турганда, жергиликтүү маанидеги маселелерге таандык болушу мүмкүн эмес.

Андан дагы, «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндөгү» мыйзам, жергиликтүү кеңеш менен макулдашылууда демилгечилер тарабынан сактабаган учурда баш тартууга алып келе турган жарандардын тизмесин макулдашуунун критерийлерин аныктаган эмес. Жол-жобо, мөөнөт, макулдашуунун критерийлери маселесинде мындай укуктук так эместик жергиликтүү кеңештер тарабынан арызданууучу менен талашылып жаткан ченемди ар кандай түшүнүү жана колдонууга алып келет. Ошол эле учурда, жергиликтүү кеңештер тарабынан диний уюмду түзүүнүн демилгечилеринин тизмесин макулдашуудан баш тартууда, мыйзам менен бекитилген жол-жоболордун жоктугу кайрылуучуларды сот тартибинде өз укуктарын коргоодон ажыратат. Бул өз кезегинде Конституциянын 35-беренесинде бекитилген биригүү эркиндигине болгон укукту бузууга алып келет.

Ошону менен бирге, ишмердүүлүгү кандайдыр бир даражада жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө таасир эте ала турган диний уюмдардын социалдык активдүүлүгүн эске алуу менен, мыйзам чыгаруучу мыйзамда диний уюмдардын тиешелүү аймакта өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзүү жөнүндө ниетин жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарына маалымдоо милдетин караштыруусу тийиш.

Жогорудагылардын негизинде Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүн 1-пунктун, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 42, 46, 47, 48, 51, 52-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Ч Е Ч Т И**

1. «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 2, 3-бөлүктөрү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-пунктуна, 2-беренесинин 2-пунктуна, 32-беренесинин 2-бөлүгүнө, 35-беренесине карама-каршы келбейт деп табылсын.

2. «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацындагы «…жергиликтүү кенеш менен макулдашылган» деген сөздөрдөн турган ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө жана 35-беренесине карама-каршы келет деп табылсын.

3 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ушул чечимден келип чыккан тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин.

4. Чечим акыркы, даттанууга жатпайт. Бардык мамлекеттик органдар, юридикалык жактар, кызмат адамдары жана жарандар тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

5. Чечим Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Конституциялык палатанын расмий сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысына» жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**

Бул иш боюнча судья М.Ш. Касымалиев, Дж.М. Макешов, А.О. Нарынбекова, Ч.О. Осмонованын жана Э. Ж. Осконбаев, К.С. Сооронкулованын өзгөчө пикирлери бар (төмөндөгүнү караңыз).

**«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 2-, 3-бөлүктөрүнүн жана 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун өтүнүчү боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 4-сентябрындагы Чечимине Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялары М.Ш. Касымалиевдин, Дж.М.Макешовдун, А.О. Нарынбекованын, Ч.О. Осмонованын**

## ӨЗГӨЧӨ ПИКИРИ

Ушул ишти карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2014-жылдын 4-сентябрындагы Чечиминин корутунду бөлүгүнүн 2-пункту менен «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацындагы «…жергиликтүү кенеш менен макулдашылган» деген сөздөрдөн турган ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө жана 35-беренесине карама-каршы келет деп тапкан.

Чечимдин корутунду бөлүгүнүн ушул пунктунун жоболору менен, далилдөө бөлүгүндө аталган маселе тууралуу келтирилген жүйөлөр менен толук түрүндө макул болбой, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 49-беренесине ылайык өзүбүздүн өзгөчө пикирибизди баяндайбыз.

1. Конституцияда адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн болуп, киргизилип

жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек деп белгиленген (20-берененин 2-бөлүгү).

«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» мыйзамга ылайык диний уюмдар деп биргелешип дин тутуу, кудайга табынуу, каадаларды жана аземдерди өткөрүү, диндик агартуу жана өзүлөрүнүн ишин улантуучуларды тарбиялоо максатында түзүлгөн, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталган жарандарынын ыктыярдуу бирикмелери таанылат (8-берененин 1-бөлүгү).

Башкача айканда, жарандардын бирикмелерин диний уюм катары тануунун бир себеби болуп, ушул уюмду «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» мыйзамында белгиленген тартипте каттоодон өткөрүү саналат.

Демек, диний уюмду катоодон өткөрүү тартибин түзүүчүлөр дин иштери боюнча мамлекеттик органга документтерди тапшырганда башталат. Тапшырылчы документтердин арасында диний уюмду жана миссияны түзүүнүн демилгечилеринен болуп эсептелишкен жана уставдын алкагында мыйзам алдында жоопкерчиликтүү жарандардын, уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн жана жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган тизмеси көрсөтүлгөн (мыйзамдын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-, 2-абзацтары).

Белгиленген тизмени нотариалдык күбөлөндүрү нотариалдык аракеттердин маанисинен келип чыгып, нотариалдык аракеттер юридикалык мааниси бар талашсыз фактыларды, укуктук окуяларды ырастоону, документтерди күбөлөндүрүүнү, документтерге аткаруу күчүн жана юридикалык аныктык берүү боюнча нотариустун иш-аракетин жана граждандар менен юридикалык жактардын укуктарын, алардын мыйзамдуу таламдарын коргоого багытталган башка аракеттерин билдирет («Нотариат жөнүндө» мыйзамдын 3-беренесинин 1-бөлүгү).

Диний уюмдардын уставында төмөндөгүлөр да камтылышы керек: диний уюмдун, миссиянын аталышы, жайгашкан жери, түрү жана өзүнүн ишин

жүзөгө ашырып жаткан аймак; кайсы динди тутканы, предмети жана максаттары, ишинин милдеттери жана негизги формалары; ачуунун жана ишти токтотуунун тартиби; уюмдун финансы каражаттарын жана башка мүлкүн топтоочу булактар («Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» мыйзамынын 9-беренесинин 2-бөлүгү).

Биргелешип дин тутуу дин ишенүүчүлөрдүн тобуна айкын-укуктук статусун божомолдоп, ушундай иш-аракетке анык жоопкерчилигин жүктөйт. Диндин, аны туткан адамдарга тийүүчү таасирин жана кандайдыр бир диндин баалуулуктары Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен орнотулган ченемдеринен жана принциптеринен четтеп кетүү мүмкүндүгү менен коштош тобокелдиктерди эске алуу абзел. Демек, динди туткан адам, диний уюм жалпылай жана адилеттүү тынчык конституциялык принцибине коркунуч туудурбаш керек; конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улут аралык, этностор аралык жана диний касташууну тутандырууга багытталган максаттарды көздөгөн иш-аракетти жүргүзбөш керек; кызмат адамдардын же мамлекеттик бийлик органдардын иш милдеттерин жана ыйгарым укутарын өзүнө жүктөбөш керек; башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин өзүм билемдик менен чектелбеш керек.

Абийир жана дин тутуу эркиндик укугун ишке ашыруу ченемдик тартиби, аны башка конституциялык укуктарды ишке ашыруу тартиби менен, анын ичинде социалдык-политикалык чөйрөдө, тиешелүү болууну талап кылып, мыйзам чыгаруучуну, мыйзам колдонуучуну жана сот органдарын, бир тараптан динге ишенгендердин жана диний уюмдардын, экинчи тараптан - мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган саясий жана мамлекеттик институттардын кызыкчылыктарынын акылга сыярлык кылган балансын камсыздоону милдеттендирет.

Диний уюмду жергиликтүү кеңештин макулдугу менен түзүү мүмкүнчүлүгү тууралуу талабын киргизүүдө, мыйзам чыгаруучу, бир тараптан, улуттук коопсуздукту, анын катарына кирген диний экстремизмден калкты

коопсуздоону, экинчи тараптан - диний бирикмелердин жана дин кызматчылардын укуктарын камсыздоо тууралуу мамлекеттин конституциялык көрсөтмөсүн ишке ашырууну максат кылган.

Мыйзам чыгаруучу киргизип жаткан диний уюмду түзүүгө, жаратууга жана каттоого тийиштүү болгон чаралар дин тутуу эркиндигинин, биригүү эркиндигинин укугунун маазмундарын бурмалоого жол бербей, ал эми ушул жана башка конституциялык укутарын козгогон мүмкүн болгон чектөөлөр конституциялык маанилүк максаттарга акталган жана шайкеш болушу керек.

Мамлекет автоматтык түрдө диний уюмдын статусун бербөөгө; адамдардын укутарын бузчу жана мыйзамга каршы келген жана кылмыштуу иштерди жазага секталарды, башка диний уюмдарды легалдаштырбоого; динге ишенгендердин жана диний уюмдардын алып бараткан иш-аракеттери башка адамдардын ой-пикир, абийр эркиндиктерин же башка диндерди, диний уюмдарды, же адамдардын башка конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин урматтоо менен батышпаса кандайдыр бир тоскоолдуктарды алдын ала караштырууга жана киргизүүгө укутуу.

Жогорудагынын негизинде, эгерде диний уюмду жана миссияны түзүүнүн демилгечилеринен болуп эсептелишкен жана уставдын алкагында мыйзам алдында жоопкерчиликтүү жарандардын, уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн тизмесин жергиликтүү кеңеш менен макулдашууну, диний уюмду катоодон өткөрүү тартибинин элементи катары, ал эми ушул тартипти жол берилген чектөө катары караганда, макулдашууну Конституциянын 20-беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдерине ылайык келет деп караштыруу мүмкүн.

2. Конституциянын 35-беренеси ар кимдин биригүү эркиндигинин укугун орнотуп, бул укук өз ара байланыштагы Конституциянын башка (1-берененин 1-бөлүгү, 32-берененин 1-, 2-бөлүктөрү, 4-берененин 4-бөлүгүнүн 5-пункту) ченемдери менен мамлекеттин негизги баалулуктарынын катарына кирип, Кыргыз Республикасынын укук системасынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналчу эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптери менен ченемдеринин (Адам укуктарынын Жалпы Декларациясынын 20-беренесинин

1-бөлүгү, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактынын 22-беренесинин 1-бөлүгү, Адам укугун коргоо жана негизги эркиндиктер жөнүндөгү Европа Конвенциясынын 11-беренесинин 1-бөлүгү) жоболору менен макулдашылат.

Аталган конституциялык укук саясий партияларды, диний бирикмелерди, кесиптик бирликтерди жана башка коомдук бирикмелерди түзүү жолу менен жүзөгө ашырылып, ушулар аркылуу жарандар өзүнүн социалдык-экономикалык, саясаттык, маданияттык жана башка максаттарын канаттандырышат. Ушуга байланыштуу, мамлекет жарандардын бирикмелеринин юридикалык жак катары көрсөтүлчү укуктук субъектин таанууга милдеттү.

Адам укуктары менен эркиндиктери эң жогорку баалуулук болуп эсептелип, алар тикелей колдонулуп, мыйзам чыгаруу, аткаруу бийлигинин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маани-мазмунун аныктап тургандыгын (Конституциянын 16-беренесинин 1-бөлүгү) эске алуу менен, мыйзам чыгаруучу жарандардын биригүү укугун, анын арасында жарандардын дин тутуу маселеси тууралуу биригүүсүн жүзөгө ашырчу тартибин бекитүүгө милдеттүү. Ошол эле учурда, мыйзам чыгаруучунун жүзөгө ашыруучу укуктук жөнгө салуусу жарандардын биргелешип, өзүнүн укутарын жана мыйзамдык кызыкчалыктарын натыйжалуу коргоого мүмкүнчүлүк жаратуу үчүн бирикмелерди түзүү, жаратуу жана каттоо үчүн тийиштүү болгон шарттарды караштырып, алардын укуктук жобосун, анын ичинде юридикалык жактын статусун алуу шарттарын аныкташы керек.

Ошону менен бирге, ар кимдин биригүү эркиндигинин укугу чексиз, башкача айтканда абсолюттук болбой, Конституциянын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн.

Биригүү эркиндигинин укугунун жана дин же ынанымдарды тутуу эркиндигин жүзөгө ашыруучу чектери тууралуу окшош жоболор Адам укуктарынын Жалпы Декларациясында (29-беренесинин 2-бөлүгү), Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактынын (18-, 19-, 22-беренелери), Адам укугун коргоо жана негизги эркиндиктер жөнүндөгү Европа Конвенциясында (11-березенин 2-бөлүгү), Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинин адамдын укуктары жана негизги эркиндиктери жөнүндө Конвенциясында (10-березенин 2-бөлүгү) камтылган.

Демек, мыйзам чыгаруучу, өзүнүн ченем чыгаруучу ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда, жарандар Конституция менен кепилденген биригүү укугун колдонууга кең мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жана, ошол эле учурда, ушул укуктун маңызын бузууга жол бербөөчү эрежелерди бекитүүгө милдеттүү. Бул эрежелер жеке жана жалпы байланыштардын балансынын негизинде турган конституциялык маанилүүлүк максаттарга, алардын ичинде баардык жарандардын кызыкчылыктарында (коомдук бирикменин түзүүчүсү, мүчөсү, катышуучусу же мындай бирикмелердин ишмердүүлүгүно катышпаган жарандар) коомдук тартипти жана коопсуздукту коргоо максатына да жетишүүгө түрткү же көмөк бериши керек.

**Судьялар:** **М.Ш. Касымалиев**

**Дж.М. Макешов**

**А.О. Нарынбекова**

**Ч.О. Осмонова**

**«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнүн жана 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун өтүнүчү боюнча 2014-жылдын 4-сентябрында кабыл алынган чечимине судьялар Э. Ж. Осконбаев жана К.С. Сооронкулованын**

## ӨЗГӨЧӨ ПИКИРИ

1. Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндигин бекиткен негиз салуучу ченем - Конституциянын 32-беренеси мазмуну боюнча мамлекет тарабынан ар кимге диндик жана башка ишенимдерди эркин тандоого жана тутууга, өз алдынча же башкалар менен бирдикте ар кандай динди тутуу же эч бирин тутпоо укугу, өзүнүн диндик ишенимдерин билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурланбоого кепилдик берет.

Абийир жана дин тутуу эркиндиги өзүнүн маңызы боюнча эки маанилүү, бири бирине байланышкан ички жана сырткы аспекттерди камтыйт.

Ички аспект инсандын ички жан дүйнөсүнө, көз караштарына жакын болгон диний императивдерди эркин тандоо мүмкүнчүлүгүн билдирет. Диний ынанымдар инсандын ички дүйнөсүнөн, жекече ой жүгүртүүсүнөн келип чыккан көз-караштардын жыйындысы болгондуктан, кандайдыр бир тышкы көзөмөлгө дуушар боло албастыгы талашсыз жагдай. Башкача айтканда, дин тутуу эркиндиги өзүнүн ички аспектиси боюнча ар бир адамдын динге болгон мамилесин өз эрки менен (эркин) аныктай алган руханий жана юридикалык укугун түшүндүрөт, ушуга байланыштуу тигил же бул ынанымды тандоо жана тутуунун тоскоолдуксуз мүмкүнчүлүгүн билдирет. Ошондуктан эч кимди динге ишенүүгө же ишенбөөгө, динге же диндик ынанымга өз пикирин же мамилесин билдирүүгө мажбурлоого

болбойт. Дин тутуу эркиндиги Конституцияда ушул көрсөтүлгөн мааниде кепилденип, диний же башка ынанымдарды эркин тандап алууга же ээ болууга чектөө коюлушу мүмкүн эмес деп 20-березенин 5-бөлүгүнүн 5-пунктунда бекитилген.

Абийир эркиндигин, өз каалоосу боюнча динди тандоо жана тутуу эркиндигин чектөөгө эл аралык стандарттар тарабынан да эч кандай жол берилбейт. Мисалы, Адам укугу боюнча БУУнун комиссиясынын Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактысынын 18-беренесине келтирилген 1993-жылдагы №22(48) Жалпы эскертүүлөрүндө абийир жана дин тутуу эркиндиги өтө маанилүү, кеңири укук экендиги, ал өзүнө ой эркиндигин, жеке жана диний ынанымдарды тутууну, динди жактоону камтыгандыгы, жана ал эл алдында ачык же башкалар менен биргелешип кармалаарынан көз каранды эместиги түшүндүрүлгөн. Андан башка, бул эркиндиктердин фундаменталдуулугунун өзгөчө кырдаалдар учурунда да жарым-жартылай жокко чыгарылышы мүмкүн эместигин мүнөздөйт.

Абийир жана дин тутуу эркиндигинин тышкы аспектиси кандайдыр бир диний окууну, көз караштарды, ынанымдарды таратуу, аларды жайылтуу, ошондой эле диний табынууларды эркин жөнөтүүгө, жекече же башкалар менен биргелешип диний ырым-жырымдарды жасоого болгон мүмкүнчүлүктү билдирет.

Дин айрым адамдар үчүн жеке иш болгондугуна карабастан, сыйынуу же диний ырым-жырымдар жалгыздан жасалбастыгын байкаса болот. Адам укуктарынын жалпы Декларациясы, Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакт жана Конституциянын 32-беренесинин 2-бөлүгү диний жашоонун жамааттык тарабын ачык тааныйт жана коргойт. Мисалы, бул документтерде диний жана ишеним эркиндиги өз динин жана ишенимдерин жеке өзү да, башкалар менен бирдикте да, жалпы же өзүмдүк тартипте колдонуу эркиндигин, сыйынуу, диний жана үрп-адаттарды, окууларды жүргүзүү эркиндигин камтыйт деп баса белгиленген. Ар бир инсан анын диний көз-караштарын бөлүштөргөн, диний ишеними бирдей болгон

адамдардын чөйрөсүндө диний жашоого катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу укугу ушул жаболордун өзөгүн түзөт. Жамааттык катышуу тиби мамлекет тарабынан таңууланбай, текшерилип жана кандайдыр бир түрдө «басмырланбастан», диний ынанымдарга ылайык аныкталышы керек. Ушуга байланыштуу белгилеп кетчү нерсе, дин эркиндигинин каралып жаткан бул аспектиси бирикмелерге биригүү укугуна түздөн түз тиешеси бар жана сөзсүз түрдө алар биригүү эркиндигине болгон укук аркылуу кепилдениши зарыл. Конституциянын 35-беренесинде бекитилген ар кимдин биригүү эркиндигине болгон укугунун таасири астында караганда, ар кимдин башкалар менен бирдикте динди тутуу укугу коллективдик (жамаатык) укук катары каралышы зарыл.

Абийир жана дин тутуу эркиндигине болгон укуктун мына ушул тышкы аспектиси чектөөлөргө дуушар болушу мүмкүн, анткени мындай аракеттердин ишке ашуусу жана камсыздалышы коомдук тартипти жана улуттук коопсуздукту, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максаты менен шартталат.

Киргизилип жаткан бул чектөөлөр жалпыга маанилүү, Конституциянын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө белгиленген конституциялык максаттар менен сөзсүз өлчөмдөш болушу керек. Жогоруда айтылган БУУнун адам укугу боюнча жалпы эскертүүлөрүндө да дин эркиндигине болгон чектөөлөр жана алардын колдонулушу белгиленген максаттар менен гана акталып, конкретүү зарылдыктан келип чыгып жана ага пропорционалдуу болуусу тийиш. Чектөөлөр кодулоо максатында же кодулоого алып келе турган түрдө кабыл алынбашы керек.

2. Демократиялык түзүлүштө мамлекет менен диндин өз ара мамилеси абийир жана дин тутуу эркиндиги таануу жана кепилдөөгө эл аралык милдеттенмелерге ылайык негизделет, зарыл кепилдерди жана чектөөчү мүнөздөгү чараларды камтыган мыйзам механизмин түзүү жолу менен жөнгө салынат.

Мындай жөнгө салуунун элементтеринин бири - диний уюмдарды каттоо маселеси. Көпчүлүк мамлекеттерде каттоочу иш чаралар диний жамааттардын юридикалык жак макамын алууга багытталган, мындай чаралар диний уюмдар үчүн мыйзам тарабынан тыюу салынбаган ишмердүүлүктү ишке ашыруу үчүн юридикалык негиз болот. Мисалы, диний табынууну ишке ашыруу үчүн, жайларды түзүү жана аларды урунуу, буга ылайыктуу ар кандай кайрымдуулук жана билим берүү мекемелерин түзүү жана аларды кармоо, диний ырым-жырымдар менен байланышкан предметтерди жана материалдарды өндүрүү, сатып алуу жана колдонуу, диний публикацияларды жазуу, чыгаруу жана жайылтуу, айрым адамдардан жана уюмдардан ыктыярдуу каржы жана башка курмандыктарды суроо жана алуу, дин тармагындагы айрым адамдар жана жамааттар менен улуттук жана эл аралык деңгээлде байланыштарды түзүү жана өнүктүрүү ж. б. Юридикалык жак макамын алуу үчүн диний жамааттарга кошумча талаптар коюлушу мүмкүн, бул алардын өзгөчөлүгүнөн келип чыгат.

Ошону менен бирге, эл аралык стандарттарга ылайык, дин тутуу эркиндигинин сырткы аспектин түзгөн укуктуулукту ишке ашырууда, юридикалык жактын макамын алуу маселеси чечүүчү мааниге ээ болбошу зарыл, андан артык диний ырым-жырымдарды, каада жана аземдерди жасоого катоо алдын ала коюлуучу шарт катары каралышы мүмкүн эмес.

3. «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндөгү» мыйзамынан (мындан ары - мыйзам) келип чыккандай, диний негизде түзүлгөн жарандарынын ыктыярдуу бирикмелери юридикалык жак макамын алуу үчүн эки жолку - эсепке алуу жана мамлекеттик катоодон өтүүгө милдетүү. Конституциялуугу талашылып жаткан мыйзамдын 8-беренесинин 2-бөлүгүндө дин иштери боюнча мамлекеттик органдын эсепке алуу каттоосу жок диний уюмдардын иш-аракетине жана иштешине тыюу салынат, андан тышкары каттоодон өтпөгөн диний уюмдун атынан ишти жүзөгө ашырган адам Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат деп көрсөтүлгөн.

Ушул жобо менен мыйзамдын 8-беренесинин 1-бүлүгүнүн[1] нормативдик бирдиктүү маанисинен келип чыккандай, эсепке алуу каттоонун негизинде диний уюм макамына ээ болмоюнча, динге ишенүүчүлөр биргелешип дин тутуу, кудайга табынуу, каадаларды жана аземдерди өткөрүү, диндик агартуу жана өзүлөрүнүн ишин улантуучуларды тарбиялоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылат. Демек, текшерилип жаткан укуктук ченем дин тутуу эркиндигин олуттуу түрдө чектейт деп эсептесе болот.

Эсептик катоо мыйзам чыгаруучу тарабынан экстремисттик жана террористик уюмдардын идеологиялык таасиринин таркалышы, ушуга байланыштуу диний негизинде пайда болуучу коомдук туруксуздануу коркунучуна, жалпысынан улуттук коопсуздугуна коркунуч түзгөн абалга карата алдын- ала чара көрүү зарылдыгы менен негизделген.

Кыргыз Республикасынын мейкиндигинде аракет кылган диний уюмдардын эсептик катоосун четке какпастан белгилеп кетүүчү нерсе, эсептик каттоо уруксат берүүчү мүнөздө эмес, кабарландыруу (маалыматтандыруу) мүнөздү болушу тийиш. Чындыгында эле, коомдук же мамлекеттик коопсуздукту камсыз кылуучу чара катары, эсептик катоо анчалык деле чоӊ мааниге ээ эмес. Анткени, конституциялык түзүлүшкө, мыйзамдарга каршы багыт койгон диний топтордун иш аракети, эсептик катоодон өткөн же өтпөгөндүгүнө эч кандай көз каранды боло албайт. Ошондуктан, эсептик каттоодон өтүү үчүн коюлган талаптар, тагыраак айтканда, уюм эки жүздөн кем болбогон жарандардын демилгеси боюнча түзүлөт деген жана башка талаптар, каттоо процедурасын өтө эле бюрократташтырган дин тутуу эркиндигине коюлган негизсиз тоскоолдуктар деп эсептейбиз. Бул жагдайда, коомдук кызыкчылыктарга каршы багыт албаган, бирок мыйзамдын талаптарын аткара албаган (мисалы, аз сандуу)

---

[1] **8-берене. Диний уюмдар**

1. Кыргыз Республикасында диний уюмдар деп биргелешип дин тутуу, кудайга табынуу, каадаларды жана аземдерди өткөрүү, диндик агартуу жана өзүлөрүнүн ишин улантуучуларды тарбиялоо максатында түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталган Кыргыз Республикасынын жарандарынын ыктыярдуу бирикмелери (диний коомдор, борборлор, диний окуу жайлар, мечиттер, чиркөөлөр, синагогдор, табынуу үйлөрү, монастырлар ж.б.) таанылат.

диний жамааттар, өкмөттүн көзөмөлүнөн качып, жашыруун иштелүүчү аракетин жасайт.

Мындан тышкары, эсептик каттоонун милдетүүлүгү, динге ишенген жарандын ошол эле диндеги адамдар менен чогуу ырым-жырымдарды, сыйынууларды, кудайга табынууну жана үгүт окууну коллективдүү түрдө аткарылышынын мүмкүн эместигин белгилейт. Мындай эсептик каттоодон өтпөгөн диний жамаатардын жыйындары, бийлик тарабынан мыйзамсыз деп табылып, ага катышкан адамдардын негизсиз түрдө жоопко тартылышына алып келет. Коллективдик дин тутуу эркиндигин ишке ашырууда, жарандардын диний биригүүсүнүн формасы аныктоочу мааниге ээ болуусу туура эмес, анткени диний табынуунун жамааттык аткарылышы өзүнөн өзү эле мыйзамсыз деп табылышы мүмкүн эмес. Демек, конституциялуугу талашылып жаткан жоболор коллективдүү мүнөздөгү дин тутуу эркиндигине жолто болгондон башка, диний ырым-жырымдарды, аземдерди уюштурган, ага катышкан дин ишенүүчүлөрдү мамлекет тарабынан куугунтуктап, аларды эч кандай коркунучу жок кыймыл-аракети үчүн, жалгыз гана эсептик катоодон өтпөгөндүгүн күнөөгө коюп жоопко тартылышына жол берет. Ошондуктан, диний уюм түзүү максатын көздөбөгөн, бирок чогулуп кудайга табынуу иштерине катышкан кандайдыр бир диний топ, аларга кошулган ар бир жаран башкалар менен чогу дин тутуу жана биригүү укугу текшерилип жаткан ченем аркылуу одоно бузулган. Андыктан, башкалар менен бирдикте дин тутуу эркиндиги диний уюмдун бөтөнчө укугуна айланган.

Албетте, экстремисттик же радикалдык коркунучтарды тоотпой коюуга болбойт, өзгөчө бул кооптуулук иш-аракетине тыюу салынган диний уюмдарга таандык. Бирок, бул коркунучтун кесепетинен мыйзамдуу максаттарды көздөгөн диний жамаатардын, жеке жарандын укуктары менен эркиндиктерин кодулоого же негизсиз чектөөгө жол берилбеши керек.

Мыйзамдын 8-беренесинин 3-бөлүгүндө бекитилген каттоого коюлган талаптын негизинде диний бирикмелердин юридикалык жак макамын алышы өтө татаалданган, бул көрүнүш мамлекеттин дин тутуу укугуна байланышкан

бирикмелерге биригүү эркиндигине да чектөө коюуга умтулуусун айгинелеп турат. Кабыл алынган эрежелерге ылайык  диний уюмдар дин иштери боюнча мамлекеттик органда эсептик катоого турганы тууралуу кубөлүк берилген күндөн тарта мамлекеттик катоодон өтүүгө, б. а. юридикалык жак макамын алууга укуктуу болот. 1991-жылкы мыйзам боюнча диний уюмду катоо үчүн 10 киши болушу зарыл болчу, колдонуудагы мыйзам боюнча эки жүздөн кем эмес киши талап кылынат. Диний уюмду уюштуруучулардын санын көбөйтүү кандайдыр бир жалпыга маанилүү максаттар менен же болбосо башкача акылга сыярдык түрдө негизделбегендиги, дин тутуу эркиндиги менен бирикмелерге биригүү эркиндигин олуттуу деңгээлде чектелишине алып келген.

БУУнун дин тутуу эркиндик маселелери боюнча атайын дайындалган баяндамачысынын билдирүүсүндө, юридикалык жак макамын алууга жолтоо болгон мыйзамдар, дин тутуу жана ынанымдарды тандап алуу эркиндиктердин бардык көрүнүштөрүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн деп белгилеген. Андан тышкары, БУУнун адам укуктары боюнча Комитети жана Генералдык Ассамблеясы мамлекеттерди бир нече ирет дин тутуу, ынанымдарды тандоо, ой эркиндиктерин коргоого жана колдоого чакырып, каттоо тажрыйбасын кайрадан карап чыгууга, мындай тажрыйба ар кимге дин жана ынанымдарды ачык, өз алдынча же башкалар менен бирдикте тутуусуна тоскоол кылбай турган түрдө камсыз кылынышына айрыкча көңүл бурган.[2] Демек, каттоо поцедуралары көзөмөл куралы катары пайдаланышы туура эмес эмес, тескерисинче ал диний жамаатардын мүчөлөрү өздөрүнүн укуктарын толук ишке ашыруу үчүн шарт түзүүчү каражат катары пайдалануусу зарыл.

Эл аралык укук боюнча адам укуктарынын, ошонун ичинде дин тутуу эркиндигинин, толук кандуу ишке ашуусуна кол кабыш кылуу мамлекеттин милдети. Диний жамаатарга ар кандай шылтоо менен мамлекеттик катоодон

---

[2] Доклад Специального докладчика по вопросу о свободе религии или убеждений Хайнера Билефельдта от 26 декабря 2013 года www.ohchr.org/EN/HRBodies/HRC/.../A_HRC_25_58_RUS.DOC

өтүүгө жана мыйзамдуу мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууга тоскоол түзүлгөндүгү, мамлекет өз милдеттерин тийиштүү түрдө аткарбагандыгын билдирет.

Дагы бир белгилеп кетчү нерсе, демилгечилердин тизмесин жергиликтүү кеңеш менен макулдашуу талабы коюлган ченемди (мыйзамдын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-абзацы) колдонуу диний уюмдардын жергиликтүү бөлүмдөрүн өзүнчө эсептик каттодон өткөрүү тажрыйбасына алып келип, бул өз кезегинде диний уюмдардын санынын негизсиз көбөйүүсүнө өбөлгө түзгөн. Жергиликтүү бийлик органдары мыйзам тарабынан берилген мындай ыйгарымды өз билгендей пайдаланып, аларга демилгечилердин тизмелерин макулдашуудан негизсиз баш тартууга мүмкүнчүлүк берет. Жалпысынан, эсептик катоого карата татаалдаштырылган талаптар, биздин оюбузча коррупциялык көрүнүштөргө оңтойлуу шарт түзүүдө.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, мыйзамдын 8-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүндө бекитилген чектөөлөр, Конституциянын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болбой, жеке инсанга жана жалпыга таандык болгон кызыкчылыктардын тең салмактуулук принциби мыйзам чыгаруучу тарабынан сакталган эмес. Ошондуктан, мыйзамдын 8-беренесинин 2, 3-бөлүктөрү, Конституциялык палатанын чечими менен Конституциянын 66-беренесинин 2-бөлүгүнө, 32-беренесинин 2-бөлүгүнө, 35-беренесине карма-каршы келет деп табылышы керек болчу.

**Судьялар:** **Э.Ж. Осконбаев**

**К.С. Сооронкулова**